Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине
караштуу Мамлекеттик
кызмат жана жергиликтүү
өз алдынча башкаруу
иштери боюнча
мамлекеттик агенттиктин
2026-жылдын «___» _____
№ ___ буйругуна
1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун СТАНДАРТЫ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) мамлекеттик жарандык кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун ушул стандарты (мындан ары – Стандарт) Агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчылары (мындан ары – кызматчылар) үчүн коррупцияны алдын алууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коррупцияга каршы чектөөлөрдү, тыюу салууларды жана талаптарды так сактоону камсыз кылууга, кызматтык милдеттерди ак ниеттүү аткарууга жана мамлекеттик кызматка болгон ишенимди бекемдөөгө багытталган милдеттүү түрдө аткарылуучу бирдиктүү талаптарды жана коррупцияга каршы жүрүм-турумдун моделин аныктайт.

2. Ушул Стандартты киргизүүнүн максаттары төмөнкүлөр саналат:

– кызматчылардын коррупцияга каршы жүрүм-турумуна талаптарды белгилөө;

– кызыкчылыктардын кагылышуусунун келип чыгуу тобокелдиктерин минималдаштыруу;

– кызматтык абалды кызмат кызыкчылыгына каршы пайдаланууга жол бербөө;

– кызмат чөйрөсүндө коррупциялык көрүнүштөргө жол бербестик мамилени калыптандыруу;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынган чечимдердин ачык-айкындыгын, шарттуулугун жана негиздүүлүгүн камсыз кылуу.

3. Бул Стандарт Агенттиктин функцияларын, ыйгарым укуктарын, уюштуруу түзүлүшүн жана коррупциялык тобокелдиктердин деңгээлин

эске алуу менен колдонулат жана кызматкерлердин антикоррупциялык жүрүм-турумуна карата бирдиктүү талаптарды түзүү үчүн негиз болуп саналат.

## 2. Коррупцияга каршы жүрүм-турумдун принциптери

4. Кызматкердин коррупцияга каршы жүрүм-туруму төмөнкү принциптерди иш жүзүндө сактоого негизделет:

– мыйзамдуулук, кабыл алынган чечимдердин объективдүүлүгү жана негиздүүлүгү;

– адептүүлүк, калыстык, ачык-айкындуулук жана отчеттуулук;

– жеке кызыкчылыктардан жогору коомдук кызыкчылыктардын артыкчылыгы, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө;

– кызматтык аракеттердин ачык-айкындуулугу жана байкалышы;

– коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө жол бербөө;

– кабыл алынган чечимдер жана алардын кесепеттери үчүн жеке жоопкерчилик.

## 3. Коррупцияга каршы ченемдерди сактоо боюнча кызматчылардын милдеттери

5. Кызматчы кызматтык милдеттерин аткарууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

– кызматтык ишмердүүлүктү жана чечимдерди кабыл алууну жеке кызыкчылыкты четке кагып, мыйзамдын негизинде гана жүзөгө ашырууга;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коррупцияга каршы чектөөлөрдү, тыюу салууларды, талаптарды жана милдеттерди сактоого;

– чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда коррупциялык тобокелдик алдын ала аныктоого жана баалоого;

– калыстыгына, чынчылдыгына жана сатылбастыгына шек келтире турган же мамлекеттик кызматка болгон ишенимди кетире турган жүрүм-турумдан баш тартууга;

– мамлекеттик мүлктү, бюджеттик каражаттарды жана башка ресурстарды мыйзамдуу жана максаттуу пайдаланууну камсыз кылууга;

– кызматтык аракеттерди жана кабыл алынган чечимдерди ачык-айкын, негиздүү жана талаптагыдай документтештирүүнү камсыз кылууга;

– жеке адамдарга негизсиз артыкчылык берүүгө, расмий эмес келишимдердин таасирине жана жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын негизсиз чектөөгө жол бербеген шарттарда кызматтык ишин жүргүзүүгө;

– кызматтык маалыматты мыйзам талаптарын, анын ичинде чектелген жеткиликтүүлүккө ээ болгон маалыматтарды сактоо менен, кызматтык максаттарда гана пайдаланууга;

– кызматтык ыйгарым укуктарды жеке пайда же артыкчылык алуу максатында пайдаланууга жол бербөөгө;

– өз ишинин жыйынтыгына кызыкдар болгон жеке жана юридикалык жактар менен өз ара аракеттенүү учурунда кызматтык этика талаптарын сактоого;

– юридикалык кесепеттерге ээ болгон кызматтык аракеттерди, кабыл алынган чечимдерди жана кызматтык өз ара аракеттенүүнү, анын ичинде маалыматтык (санариптик) тутумдарды колдонуу менен документтештирүүгө;

– коррупцияга каршы талаптарды бузууга алып келиши мүмкүн болгон жагдайларга тез арада жооп кайтаруу жана аларды алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө.

## 4. Кызматтык жүрүм-турумдагы коррупцияга каршы чектөөлөр

6. Кызматчыга төмөнкүлөргө тыюу салынат:

– жеке же юридикалык жактар үчүн артыкчылыктуу шарттарды түзгөн же башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын негизсиз чектөөгө;

– жеке кызыкчылыгы бар же анын пайда болуу коркунучу бар учурда чечимдерди кабыл алууга же аларды даярдоого катышууга, ошондой эле кызыкчылыктардын кагылышына алып келиши мүмкүн болгон башка аракеттерди жасоого;

– кабыл алынган чечимдердин объективдүүлүгүнө жана калыстыгына таасир эте турган кызыкдар адамдар менен расмий эмес өз ара аракеттенүүгө;

– мамлекеттик мүлктү, мамлекеттик каражаттарды, кызматтык транспортту, кызматтык маалыматты жана башка ресурстарды жеке, кызматтык эмес максаттарда же үчүнчү жактардын кызыкчылыгында пайдаланууга;

– мамлекеттик органдардын, Агенттиктин аймактар аралык башкармалыктарынын ишмердүүлүгүнө, ошондой эле алардын кызмат адамдарынын чечимдерине мыйзамсыз таасир этүүгө;

– мамлекеттик кызматка жана Агенттикке болгон ишенимди буза турган аракеттерди (аракетсиздикти) жасоого жол берүүгө;

– административдик тоскоолдуктарды түзүү, кайрылууларды кароо жана чечимдерди кабыл алуу мөөнөтүн негизсиз узартууга;

– өтүнмө ээлеринен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралбаган документтерди жана маалыматтарды берүүнү талап кылууга;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу белектерди, сыйлыктарды, кызматтарды кабыл алууга жана башка пайдаларды алууга;

– кызматка тандоо, дайындоо жана көтөрүү жол-жоболоруна катышууга же жакын туугандары жана аффилирленген жактарга карата башка кызматтык колдоо көрсөтүүгө;

– Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарына жана кызматтык этика ченемдерине каршы келген башка аракеттерди (аракетсиздикти) жасоого.

## 5. Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу

7. Кызматчы кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келиши мүмкүн болгон кырдаалдарды жана кызыкчылыктардын кагылышуусу же анын пайда болуу тобокелдиги бар болгон учурда, тиешелүү чечимдерди же аракеттерди кабыл алуудан мурда өз алдынча аныктоого милдеттүү:

– өзүнүн жеке кызыкчылыгына таасир этүүчү тиешелүү иш-аракеттерге же чечимдерге катышуудан баш тартууга;

– түздөн-түз жетекчисине белгиленген тартипте кабарлоону камсыз кылууга;

– кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнгө салынгандан кийин кийинки аракеттерди жүргүзүүгө.

8. Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө билдирүүнү алган же анын бар экендиги жөнүндө башка жол менен билген жетекчи аны жөнгө салуу боюнча, анын ичинде кызматчыны чечимдерди кабыл алууга катышуудан четтетүү, ыйгарым укуктарды (тапшырууларды) кайра бөлүштүрүү жана кызыкчылыктардын кагылышуусу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка чаралар.

## 6. Коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу

9. Кызматчы кызматтык милдеттерин аткарууда төмөнкүлөргө милдеттүү:

– өз компетенциясынын чегинде коррупциялык тобокелдиктерди аныктоого;

– коррупциялык тобокелдиктерди алардын пайда болуу ыктымалдыгын жана мүмкүн болгон кесепеттерин эске алуу менен баалоого;

– коррупциялык тобокелдиктерди алдын алуу, жоюу же азайтуу боюнча демилге көтөрүүгө жана чараларды көрүүгө;

– коррупциялык укук бузууларды жасоо үчүн шарттарды түзгөн ченемдик укуктук актыларда же алардын түзүмдүк элементтеринде камтылган коррупцияга алып келүүчү факторлорду жоюу боюнча сунуштарды киргизүүгө;

– административдик жол-жоболордун бузулушуна жана коррупциялык жүрүм-турум фактыларына ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте ыкчам жооп берүүгө багытталган башка чараларды көрүүгө.

## 7. Стандарттын сакталышын ишке ашыруунун жана ички контролду жүзөгө ашыруунун механизмдери

10. Агенттиктин жетекчилиги ушул Стандартты кызматтык ишмердүүлүккө киргизилишин камсыз кылууга жана коррупциялык көрүнүштөргө жол бербеген уюштуруу чөйрөсүн түзүүнү камсыздоого жеке жоопкерчилик тартат.

11. Ушул Стандартты ишке ашыруу төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

– кызматчылардын мамлекеттик жарандык кызматка кабыл алынганда жеке кол коюусу же электрондук кол коюу менен тастыкталган бул Стандарт менен таанышуу;

– бул Стандарттын сакталышына көзөмөлдөөгө жооптуу түзүмдүк бөлүмдү же кызмат адамын аныктоо;

– коррупцияга каршы жүрүм-турум талаптарын Агенттиктин кызматтык нускамаларына, бөлүмдөрдүн жоболоруна жана башка ички документтерине интеграциялоо;

– кызматчыларды системалуу окутууну, маалыматтык түшүндүрүү жана алдын алуу иштерин уюштуруу;

– ички контрол механизмдерин киргизүү жана алардын иштешин камсыз кылуу;

– кызматтык ишти баалоодо Стандарттын талаптарын сактоону эске алуу;

– Стандартты колдонуу жана сактоо практикасын үзгүлтүксүз талдоо, бузуулардын себептерин жана шарттарын аныктоо жана оңдоо иш-чараларын ишке ашыруу;

– Агенттиктин ведомстволук (локалдык) укуктук актыларын ушул Стандартка ылайык келтирүү;

– мыйзамдар өзгөргөндө жана укук колдонуу практикасынын натыйжалары боюнча Стандартты мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуу жана актуалдаштыруу.

12. Коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу максатында кызматчылар кызматтык милдеттерин аткарууда ушул Стандарттын тиркемесине ылайык Чек-баракты колдонуу менен коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнү жүргүзүшөт. Чек-барак аткарылып жаткан функциялардын жана кабыл алынган чечимдердин өзгөчөлүктөрүн жана коррупциялык тобокелдиктерди баалоонун натыйжаларын эске алуу менен кызматтык ишмердүүлүктү өз алдынча баалоонун коррупцияга каршы куралы болуп саналат. Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнүн натыйжалары ички контролду жүзөгө ашырууда эсепке алынат жана административдик жол-жоболорду өркүндөтүү, башкаруу чечимдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу үчүн колдонулат.

13. Агенттиктин ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмү же кызмат адамы өз компетенциясынын чегинде ушул Стандартты киргизүүнү методикалык

жактан камсыз кылууну, аны ишке ашыруу практикасын мониторинг кылууну жана кызматчылардын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды даярдоону жүзөгө ашырат.

## 8. Стандартты сактабагандыгы үчүн жоопкерчилик

14. Кызматчылардын ушул Стандарттын талаптарын бузуулары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонууга алып келет.

15. Кызматкердин аракеттеринде (аракетсиздигинде) коррупциялык мүнөздөгү укук бузуу же кылмыштын белгилери аныкталган учурда, тиешелүү материалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечим кабыл алуу үчүн прокуратура органдарына же укук коргоо органдарына жөнөтүлөт.

16. Агенттиктин жетекчисинин ушул Стандарттын аныкталган бузууларын жоюу боюнча чараларды көрбөгөндүгү же кызматчылар тарабынан аларды жасагандыгы тууралуу фактыларды жашыргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке алып келет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматчыларынын антикоррупциялык жүрүм-турумунун Стандартына 2-тиркеме

**Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнүн**
**ЧЕК-БАРАГЫ**

Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүү маалыматтык-көмөкчү мүнөзгө ээ жана мамлекеттик жарандык кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар тарабынан өзүн-өзү контролдоо, коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу, потенциалдуу жана реалдуу кызыкчылыктардын кагылышууларын өз убагында табуу, ошондой эле пландалган жана кабыл алынуучу чечимдердин, жасалуучу аракеттердин (аракетсиздиктин) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун типтүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсүн алдын ала баалоо максатында колдонулат.

**Коррупцияга каршы өзүн-өзү текшерүүнүн контролдук суроолору**

| **Категориясы** | **Контролдук суроо** | **Жооптор** |
|---|---|---|
| Ыйгарым укуктар жана мыйзамдуулук | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык мага берилген ыйгарым укуктардын чегинде аракеттерди кылып жатамбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Менин аракеттерим (аракетсиздигим) компетенциянын чегинен чыгабы жана кызматтык ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдалануу белгилерин камтыйбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Менин аракеттерим (аракетсиздигим) коррупциялык | ☐ ооба<br>☐ жок |

| | | |
|---|---|---|
| | тобокелдиктин пайда болушуна шарт түзөбү? | |
| | Мен кабыл алынган чечимди мыйзамдуулук, негиздүүлүк жана кызматтык зарылчылык жагынан негиздей алambы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| Кызыкчылыктардын кагылышуусу | Кабыл алынып жаткан чечимге менин жеке (түз же кыйыр) кызыкчылыгым барбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Каралып жаткан маселеде менин жакын туугандарымдын же аффилирленген жактардын мүлктүк, финансылык же башка кызыкчылыктары барбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Жеке, ишкердик же башка мамилелер менен байланышта болгон жеке жана (же) юридикалык жактарга карата чечимдерди даярдоого же кабыл алууга катышып жатамбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Мен келип чыккан же келип чыгышы мүмкүн болгон кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө түздөн-түз жетекчиме белгиленген тартипте кабарладымбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Кызыкчылыктардын кагылышуусун алдын алуу же жөнгө салуу боюнча чаралар (өзүн-өзү четтетүү, ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жана башка чаралар) көрүлдүбү? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган негиздер болгондо өздүк (жеке) кызыкчылыктар жөнүндө декларация белгиленген тартипте берилдиби? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| Жеке жана юридикалык жактар менен өз ара аракеттенүү | Мен өз ара аракеттенүүнү ыйгарым укуктардын чегинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырып жатамбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |

| | | |
|---|---|---|
| | Мен өз ара аракеттенүүдө калыстыкты, теңдикти жана басмырлоосуз мамилени камсыз кылып жатамбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Мен кабыл алынуучу чечимдердин мыйзамдуулугуна жана калыстыгына таасир этүүгө жөндөмдүү формалдуу эмес байланыштардан жана башка аракеттерден алысмынбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Бардык кызматтык байланыштар жана өз ара аракеттенүүлөр белгиленген тартипте катталып жатабы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| Коррупциялык укук бузуулар жөнүндө кабарлоо | Мени коррупциялык укук бузуу жасоого көндүрүү фактылары жөнүндө жетекчиликке же ыйгарым укуктуу органдарга белгиленген тартипте билдирдимби? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Мындай тиешелүү жагдайларды (эгер бар болсо) каттоо жана документтештирүү боюнча чараларды көрдүмбү? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| Белектер жана жеке пайда көрүүлөр | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган учурларды кошпогондо, кызматтык милдеттеримди аткарууга байланыштуу кандайдыр бир пайданы түздөн-түз же кыйыр түрдө алдымбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Алынган протоколдук жана башка жол берилген белектер мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын балансына белгиленген тартипте өткүрүлүп берилдиби? | ☐ ооба<br>☐ жок<br>☐ колдонулбайт |
| | Кандай болбосун алынган пайданын мен кабыл ала турган чечимдердин калыстыгына жана объективдүүлүгүнө таасири жокко чыгарылганбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |

| | | |
|---|---|---|
| Финансылык ачыктык | Кирешелер, чыгашалар, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар өз убагында берилдиби? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Берилген маалыматтар толукпу, аныкпы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жооп береби? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| Кызматтык этиканы сактоо жана аброй жоготуу тобокелдиктери | Менин аракеттерим мыйзамдуулук, ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк жана калыстык принциптерине дал келеби? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Менин аракеттеримди (чечимдеримди) калыс эмес, негизсиз же коррупциялык себептер менен жасалган деп кабыл алуу ыктымалдыгы жокко чыгарылганбы? | ☐ ооба<br>☐ жок |
| | Менин аракеттерим мамлекеттик (муниципалдык) кызматтын кадыр-баркын жана тиешелүү органга болгон ишенимди кетиреби? | ☐ ооба<br>☐ жок |

Эскертүү:

1. Контролдук суроолордун бирине эле терс жооп (коррупциялык тобокелдик аныкталса) алынган учурда, кызматчы төмөнкүлөргө милдеттүү:

– тиешелүү чечим кабыл алуудан же аракет (аракетсиздик) жасоодон карманууга;

– токтоосуз түздөн-түз жетекчисине же ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмгө кабарлоого;

– аныкталган бузууларды алдын алуу, четтетүү жана (же) коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө.

2. Бул текшерүү барагын колдонуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат системасында туруктуу коррупцияга каршы маданиятты калыптандырууга, кызматчылардын укуктук аң-сезиминин жана жоопкерчилигинин деңгээлин жогорулатууга, мыйзамдуулук, ачык-айкындуулук жана отчеттуулук принциптеринин сакталышын камсыздоого, ошондой эле коррупциялык укук бузууларды алдын алууга өбөлгө түзөт.